| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Илимий-техникалык кеңешинин 2019-жылдын 20-сентябрындагы №6 чечими менен жактырылган | | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Коллегиясынын 2019-жылдын 25-сентябрындагы № 35 токтому менен бекитилген |
|---|---|---|

**“Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамы менен сыйлоого талапкерлерди сунуштоонун**
**ТАРТИБИ**

Бул Тартип “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 10-сентябрындагы №125 Жарлыгы менен кол коюлган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо жана ардак наамдарын ыйгаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына карата сунуштоо, сыйлоо, тапшыруу, дубликатын берүү, жокко чыгаруу тартиби жөнүндө жобосуна ылайык “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардактуу наамын алууга талаптанган талапкерлерди сунуштоонун жана тандоонун тартибин регламенттейт.

## 1. Жалпы жоболор

1. “Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамы (мындан ары – ардак наам) Кыргыз Республикасынын ойлоп табуучуларын сыйлоонун жана мамлекетти жана демократиялык коомду коргоого жана бекемдөөгө, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана руханий мүмкүнчүлүгүн арттырууга алардын салымын таануунун жогорку формасы болуп саналат.

2. Ардак наам өндүрүшкө жайылтылган маанилүү мамлекеттик маанидеги ойлоп табуусу үчүн, ошондой эле көп жылдык жемиштүү ойлоп табуучулук ишмердүүлүгү үчүн техникалык өсүшкө жана экономикага олуттуу салым кошкон авторлорго ыйгарылат.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (мындан ары – Кыргызпатент) ушул Тартиптин 9-пунктунда көрсөтүлгөн керектүү документтер расмий бланкка таризделгенден кийин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын катчылыгына Ардактуу наамга сунуштоого киргизет.

4. Ардактуу наамды алууга сунушталган материалдарды кароо жана баалоо Кыргызпатенттин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиуму (мындан ары – Президиум) тарабынан жүзөгө ашырылат.

## 2. Талапкерлерди сунуштоо жана тандоо тартиби

5. Ардактуу наамды алууга талапкерлерди көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна, илимий жана илимий-изилдөө мекемелерине, илимий-техникалык коомдоруна жана коомдук уюмдарына (мындан ары – Уюмдар) берилет.

Уюмдар Ардак наамды алууга бир гана талапкерди көрсөтүү укугуна ээ.

6. Ардак наамды алууга сунуштоо Президиумдун катчылыгына берилет.

7. Ардак наамды алууга талапкерди көрсөткөн уюм сунуштоону кагаз жүзүндө Уюмдун жетекчисинин колу коюлган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн Уюмдун бланкында берет.

Сунуштоого Ардак наамды алууга талапкерди көрсөтүү тууралуу Илимий кеңештин, же эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун отурумунун протоколунан көчүрмө тиркелет.

8. Ардак наамга соттуулуктан кутулбаган же алып салынбаган адамдарды сунуштоого жол берилбейт.

9. Ардак наамды алууга сунуштоодо төмөнкү документтерди тариздөө керек:

– Президиумдун төрагасынын атына сунуштоо;

– сыйлоо барагы (№1 форма тиркелет);

– коллегиалдуу органдын токтомунун же чечиминин көчүрмөсү, Ардак наамды алууга сунушталган талапкерди талкуулаган протоколдун көчүрмөсү;

– сиңирген эмгегин тастыктаган эмгек китепчесинин, паспортунун жана башка документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн (дипломдорунун, сертификаттарынын, Кыргыз Республикасынын ардак наамдарынын, мамлекеттик сыйлыктарынын, ведомстволук сыйлыктарынын ж.б. документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү) көчүрмөсү;

– соттуулугу жок экендиги тууралуу маалымкат;

– сунуштаган Уюмдан өткөн эки жылда мамлекеттик же муниципалдык кызматкер болуп саналган талапкерлерге карата колдонуудагы дисциплинардык жазанын жоктугу тууралуу маалымкат;

– Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан тастыкталган илимий иштердин (илимий даражасы болгон болсо) тизмеси, ошондой эле илимий даражасын тастыктаган документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

– пайдаланылган ойлоп табуулары жөнүндө (№2 форма тиркелет) негизги маалыматтар (тизме).

10. Ардак наамды алууга талапкердин аты-жөнү өзгөргөн болсо, тастыктоочу документти – аты жөнүн өзгөртүү жөнүндө күбөлүк, же аты-жөнүн өзгөртүү тууралуу актынын жазууларынын көчүрмөсүн тиркөө керек.

11. Ардак наамды алууга талапкердин жеке идентификациялык номеринин

жок болушу сыйлоо материалдарын карабастан туруп, кайтаруу үчүн негиз болуп саналат.

12. Туура эмес таризделген сыйлоо материалдары, оңдоолору бар жана документтердин окулбаган көчүрмөлөрү кароого жатпайт.

13. Ардак наамды алууга негизделбеген сунуштоолорго жана сыйлоо материалдарында туура эмес маалыматтарды берген кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке жоопкерчиликтүү болот.

14. Жаңы сиңирген эмгеги үчүн кийинки мамлекеттик сыйлыкка сунуштоо мурдагы сыйлоодон кийин беш жылдан кем эмес убакытта мүмкүн.

15. Ардак наамды алууга кайталап сунуштоого жол берилбейт.

16. Жарандарды, алардын маарекелерине жана кесиптик майрамдарга байланыштуу Ардак наам алууга сунуштоого жол берилбейт.

17. Ушул тартиптин 9-пунктунда көрсөтүлгөн документтердин мөөнөтү Ардак наамды алуу жөнүндө сунуштоо демилгеленген учурдан тартып бир жылдан кийин бүтөт.

18. Президиумдун чечимдери тууралуу даттануулар, арыздар, кайрылуулар жана суроо-талаптар каралбайт.

19. Президиум сыйлоонун максатка ылайыктуу эместиги жөнүндө чечим кабыл алгандыгына байланыштуу көрсөтүлгөн адамды Ардак наам алууга кайрадан көрсөтүү Президиумдун көрсөтүлгөн чечимди кабыл алган күнүнөн тартып эки жылдан кем эмес убакытта мүмкүн.

20. Эмгек китепчесинин маалыматтарынын сыйлоо барагынын 1-12 пункттарындагы маалыматтарына дал келүүсү мекеменин, ишкананын, уюмдун жетекчисинин колу жана мөөр менен күбөлөндүрүлөт. Сыйлоо барагынын 14-пункту – мүнөздөөчү бөлүк. Сыйлоо барагынын 14-пунктун (мүнөздөмө) тариздөөдө 1-12-пункттар (эмгек ишмердүүлүк) кайталанбоо керек.

21. Ардак наамды алууга талапкерге мүнөздөмө (сыйлоо барагынын 14-п.) анын сиңирген конкреттүү эмгегин чагылдырышы керек жана төмөнкү маалыматтарды камтышы зарыл:

- канча жылдардан бери ойлоп табуучулук менен алектенип келе жатат жана акыркы беш жылда бул жаатта эмнелер жасалды;
- бирден-бир автору, жетектөөчү авторлошу, авторлошу болуп саналган сыйлоого сунушталып жаткан адамдын алган патенттердин жалпы саны;
- өндүрүштө пайдаланылган ойлоп табуулардын саны;
- ойлоп табуучулук ишмердүүлүктүн негизги багыты жана ал тармак(тар) үчүн кандай мааниси бар, бир кыйла маанилүү жетишкендиктерди ачып берүү;
- жалпы экономикалык натыйжа жана андагы автордун үлүшү, экономикалык натыйжаны эсептөөгө мүмкүн болбогон учурда башка маанилүү тармактык же социалдык маанилер белгиленет;
- ойлоп табуучулук ишмердүүлүгү үчүн кандай сыйлыктары бар;
- сыйлык алууга сунушталган адамдын сиңирген эмгегин жана жетишкендиктерин чагылдырган ишмердүүлүгүнүн башка багыттары.

Сиңирген эмгегин баяндаган мүнөздөмө сыйлоо баракчасынын бетине жайгаштырылат. Зарылчылык болгондо кошумча өзүнчө баракка (сыйлоо

барагынын кошумча барагына) мүнөздөмөнү улантууга, бирок бир беттен ашык эмес, жол берилет.

22. Ардак наамга талапкерди сунуштоо жөнүндө чечим жашырын добуш берүү жолу менен, Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү тарабынан катышуучулардын санынын көпчүлүк добуш берүүсү менен кабыл алынат.

23. Добуштарды эсептөө 3 адамдан турган Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрүнүн курамынан шайланган эсептөө комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

24. Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун чечими протокол менен таризделип, Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун бардык катышкан мүчөлөрү тарабынан кол коюлат жана Кыргызпатенттин Коллегиясынын кароосуна сунушталат.

25. Кыргызпатент тиешелүү сунуштоону Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын катчылыгына жөнөтөт.

26. Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү ардак наамга талаптанууга укуксуз.

## 3. Ойлоп табуучулук ишмердүүлүккө Ардак наамды алуучунун салымынын маанилүүлүгүнүн критерийлери

27. Ардак наамды алууга талапкерди баалоо, анын ичинде төмөнкү критерийлер боюнча жүзөгө ашырылат:

- ойлоп табууга патенттин, ошондой эле ойлоп табууну жайылтуу жөнүндө мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын пикирлеринин болушу;
- ойлоп табуучулук ишмердүүлүктүн негизги багыттарын жана ал тармак үчүн кандай мааниге ээ экендигин көрсөтүү;
- өндүрүштө пайдаланылган ойлоп табуулардын саны;
- рационализатордук сунуштарга алынган патенттердин, автордук күбөлүктөрдүн, ырастамалардын жалпы саны;
- жалпы экономикалык натыйжа жана андагы автордун үлүшү (ушул жылдын баасында), иш жүзүндө пайдалануу, социалдык маанилүүлүк;
- акыркы 2-3 жылда ойлоп табуу жаатында талаптануучу тарабынан эмнелер жасалды;
- ойлоп табуучулук ишмердүүлүгү үчүн кандай сыйлыктары бар;
- сыйлыкка сунушталып жаткан адамдын сиңирген эмгегин жана жетишкендиктерин чагылдырган ишмердүүлүгүнүн башка багыттары.

№1 тиркеме
№ 1 форма

Кыргыз Республикасы

___________________________________
(облусу, Бишкек ш., Ош ш.)

1. Фамилиясы, аты, атасынын аты ________________________________
________________________________________________________________

Эгер мурда фамилиясы, аты, атасынын аты башка болсо, алар көрсөтүлөт
_____________________________________________________

2. Кызмат орду, иштеген, кызмат кылган жери (ишкананын, мекеменин, уюмдун, министрликтин бөлүмдөрүнүн ж.б. так аталышы көрсөтүлөт)
мамлекеттик тилде ______________________________________________
________________________________________________________________

расмий тилде____________________________________________________
________________________________________________________________

3. Жынысы _____________________________________________________
4. Туулган күнү жана жери _______________________________________
5. Жарандыгы ___________________________________________________
6. Улуту _______________________________________________________
7. Билими ______________________________________________________
*(кайсы окуу жайын, кайдан жана качан бүткөн)*

8. Илимий даражасы, илимий наамы, атайын наамы
________________________________________________________________

9. СССРдин, Кыргыз Республикасынын кайсы мамлекеттик сыйлыктары менен сыйланган, сыйланган датасы:
________________________________________________________________
________________________________________________________________

10. Жалпы иш стажы ____________________________________________
11. Тармактагы иш стажы ________________________________________
12. Бул жамааттагы иш стажы _____________________________________
13. Иш жүзүндө жашаган дареги: __________________________________
Катталган дареги _______________________________________________
Байланыш телефону _____________________________________________
14. Сыйлануучунун өзгөчө сиңирген эмгеги:
________________________________________________________________
________________________________________________________________

15. ____________________________________________________________
________________________________________________________________

*(сыйлоо жөнүндө өтүнүч билдирилген мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы)*

______________________________________ талапкерлиги талкууланды.
*(талапкердин аты-жөнү, кызмат орду)*

___________________________________________ чечим кабыл алынды.
*(кандай чечим кабыл алынды, күнү, чечимдин №)*

_____________________________________________________________.
*(сыйлыктын, ардак наамдын аталышы)*

Жетекчи __________________________________  _______________
*(аты-жөнү, кызмат орду)* *(колу)*

20___-жылдын “____” ____________ М.О.

16. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:
_____________________________________________________________
*(аймактык органдын, түзүмдүк бөлүмдүн, администрациянын аталышы)*

____________________________________ талапкерлиги талкууланды.
*(талапкердин аты-жөнү, кызмат орду)*
_____________________________________ чечим кабыл алынды.
*(кандай чечим кабыл алынды, күнү, чечимдин № )*

Жетекчи _________________________________  _______________
*(аты-жөнү)* *(колу)*

20___-жылдын “____” ____________ М.О.

17. Сыйлоого сунуш кылуу субъекти:
_____________________________________________________________
*(органдын аталышы)*
____________________________________ талапкерлиги талкууланды.
*(талапкердин аты-жөнү, кызмат орду)*
_________________________________________ чечим кабыл алынды.
*(кандай чечим кабыл алынды, күнү, чечимдин №)*

Жетекчи _________________________________  _______________
*(Аты-жөнү, кызмат орду)* *(колу)*

20___-жылдын “____” ____________ М.О.

*Эскертүү:* сыйлануучунун фамилиясы, аты, атасынын аты паспорт боюнча толтурулат.

**№2 тиркеме**

**Негизги маалыматтар (тизме)**

**№2 форма**

Иштелип чыккан, пайдаланылган ойлоп табуулар жөнүндө ________________________________________
*(аты-жөнү)*

| к/р № | Ойлоп табуунун аталышы, патенттин № жана берилген датасы | Авторлордун аты-жөндөрү. Автордук жамаатта ардак наамга сунушталган автордун (негизги, жетекчилеринин бири ж.б.) ролунун жалпыланган аныктамасы | Ойлоп табуунун жайылтылган жылы, орду жана пайдаланылган көлөмү | Ойлоп табуудан жылдык үнөмдөө же оң натыйжалардын мүнөздөмөсү | | Автордук сыйакы* | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жалпы | Автордун үлүшүндө болуу | жалпы | а.и. авторго |
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

*Эскертүү: *- маалыматтар талапкердин ыктыяры боюнча толтурулат*

**Ишкананын** (уюмдун) **жетекчиси**

**Башкы бухгалтер**

**Мөөр**